**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ШААРДЫК**
**АЙМАКТЫК**
**ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ГОРОДСКАЯ**
**ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ**
**ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

722600, Кыргыз Республикасы,
Нарын шаары, Ленин көчөсү 76
E-mail: adm63@shailoo.gov.kg
Тел. (03522) 5-60-19

722600, Кыргызская Республика,
город Нарын, ул. Ленина 76
E-mail: adm63@shailoo.gov.kg
Тел. (03522) 5-60-19

**Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын**
**Ч Е Ч И М И   № 48**

9-апрель, 2021-жыл

Нарын шаары.

**“Жалпы иш” коомдук фондунун байкоочусу Н.Тобокеловдун билдирүүсү жөнүндө.**

“Жалпы иш” коомдук фондунун байкоочусу Н.Тобокелов “Айша” мечитине каналдан өтүүчү көпүрөнүн курулушун фейсбукта ““Бийлик элге” партиясы жазаган деген маанидеги постту добуш сатып алуу боюнча кароо үчүн билдирүү берген. Бул билдирүү Кыргыз республикасынын Жазык Кодексинин 192 беренесине ылайык, добуш сатып алуу боюнча укук коргоо органдары тарабынан чара көрүүгө жаткандыгына байланыштуу, териштирүү үчүн Нарын шаардык ички иштер бөлүмүнө жиберилген. Териштирүүнүн жыйынтыгы боюнча аталган көпүрө ошол жактагы Бактыгул көчөсүнүн жашоочулары “Айша” мечитинин жамааты менен Нарын шаардык мэриясына арыз менен кайрылышып, шаардык мэриядан 10000 сом бөлүнүп жаткандыгы белгиленип, ошондой эле Бактыгул көчөсүнүн тургуну Кожомбердиеа Алик озүнүн берген түшүнүгүндө өздөрүнүн күчтөрү менен жана шаардык мэриянын жардамы менен жазап жаткандыгы аныкталгандыктан, топтолгон материал номенклатуралык ишке тиркелип кыскартылгандыгын шаардык ички иштер бөлүмү билдирген. (материалдар тиркелет)

Аталган иш боюнча топтолгон материалдарды карап жана талкуулап Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. “Жалпы иш” коомдук фондунун байкоочусу Н.Тобокеловдун билдирүүсү боюнча добуш сатып алуу фактысы аныкталбагандыгы белгиленсин.
2. “Бийлик элге” партиясына келтирилген маалыматтар жаңы жагдайлар келип чыккан учурда кайра каралаары эскертилсин.
3. Териштирүүнүн жыйынтыгы чечим менен “Жалпы иш” коомдук фондунун байкоочусу Н.Тобокеловго жана “Бийлик элге” партиясынын ыйгарым укуктуу өкүлүнө берилсин.
4. Бул чечим Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жиберилсин.

**Төрага:** **В.Качкынбаева**

**Катчы:** **Б.Жакыпова**